**Окурмандык сабаттуулук боюнча PISAга багытталган тесттин баалоо системасы**

**(8 класс)**

## Кайсы банк ишенимдүү

*Чоң эне жыл ичинде ай сайын киреше алуу үчүн чогулткан акчасын айылда болгон эки банктын бирине салып коюуну чечти. Ал небереси Нурдандан бул банктардын кайсынысына салса жакшы болорун билип берүүнү сурады.*

*Нурдан аманат (депозит) деген – бул белгилүү бир мөөнөткө сактоо үчүн банкка салынган акча экенин, анда банк менен келишим түзүлөрүн, ага ылайык банк белгилүү тартипте аманаттын суммасына пайыздардын ченин сунуштап, аны кардарга төлөп берүүгө милдеттенерин түшүндү. Чоң энеге банктын ишенимдүүлүгү тууралуу төмөнкүдөй маалыматты издеп тапты.*




### *Ишенимдүү банк деген эмне?*

*Уруксатынын болушу - өлкөдө банк ишин жүргүзүү үчүн мекеменин уруксаты (лицензиясы) болушу керек. Ал Улуттук банк тарабынан мөөнөтсүз берилет, бирок аны каалаган убакта кайра алып коюуга болот. Лицензиясы жок банк таптакыр эле банк эмес.*

*Жашы - Акыркы 30 жылдын ичинде өлкө олуттуу каржы каатчылыктарын башынан өткөрдү. Тарыхын 90-жылдардан тарта баштаган банктар экономикалык башаламандыктардын чабуулуна туруштук бере алышты. Бул банктардын жетекчилеринин түпкү максатты көрөгөчтүк менен туура коюп, сабаттуу иш кылышкандыгын билдирет.*

*Көлөмү - банк канчалык чоң болсо, ал ар кандай каржылык соккуларга туруштук бере алат. Ошон үчүн акчаны ири банктарга жайгаштырган жакшы. Банктын көлөмүн төмөнкү көрсөткүчтөр менен баалоого болот:*

- *каражаттардын өлчөмү;*
- *мекеменин кенен жайылышы;*
- *өзүнчө жергиликтүү бөлүмдөрүнүн көптүгү;*

***Аманаттарды коргоо тутумуна катышуу*** *- 2008-жылы өлкөдө аманаттардын сакталышын камсыз кылуу үчүн Аманаттарды коргоонун мамлекеттик тутуму түзүлгөн. Ал жок кезде аманатчылар өздөрү акчаларын коркунучтарга карабай, тобокелчиликке барып банкка салышчу. Банк иштебей кудретсиз болуп калса, алар акчадан куржалак калышы мүмкүн эле. Банкка акча салуудан мурун, анын Аманаттарды коргоо тутумуна киргенин текшерүү керек.*

***Капитал*** *- бул банктын өздүк каражаттары. Ал канчалык чоң болсо, банк ошондой көп акчанын агымына туруштук бере алат. Акчасын банкка салган аманатчылар аны каалаган убакта ала алышат. Ал эми банк насыяларды берип жатып, берилген акча каражаттарын мөөнөтүнөн мурда кайтара албайт. Ушундан улам «тешик» пайда болушу мүмкүн, аны жабуу үчүн банктын өзүнүн булактары, белен камылгасы болушу керек.*

***Каржылык жыйынтыгы*** *- банк кайрымдуулук уюму эмес. Анын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты – киреше табуу. Узак убакыт бою жоготууларга дуушар болгон банктын иш жакшы эмес. Улуттук банк кардарлардын көйгөйлөрүн күтпөстөн лицензияны жокко чыгара алат.*

**1-тапшырма.** Акчалай салым деген эмне?

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү:"Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: кенен жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>• Баалоо объектиси: контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>• Жогорку балл:1<br>• Баалоо ыкмасы: эксперттик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | *Бир жакка салынган акчалай салымдын жыйындысы.* |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**2-тапшырма.** Аманаттын пайыздык чени деген эмне?

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: кенен жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>• Баалоо объектиси: контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>• Жогорку балл:2<br>• Баалоо ыкмасы: эксперттик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | *Пайыздык чен – бул карыз алуучу каражаттарды пайдалануу үчүн төлөп берүүгө тийиш болгон сумма.* |
| 1 | *Жарым-жартылай туура жооп болсо.* |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**3-тапшырма.** Банктын өздүк каражаттары кандай учурларда колдонулат?

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: : туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: 2<br>Тапшырманын форматы: кенен жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>Баалоо объектиси: Тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу;<br>• Жогорку балл: 2<br>• Баалоо ыкмасы: эксперттик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | *«Тешик» пайда болгон мезгилде. Аны жабуу үчүн банктын өзүнүн булактары, белен камылгасы болушу керек.* |
| 1 | *Жарым-жартылай туура жооп болсо.* |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**4-тапшырма.** Төмөнкү ырастоолорго кошуласызбы?

Бул банктардын жетекчилери сабаттуу. Эмнеге экенин түшүндүрүңүз.

- - ооба, анткени__________________________________________________
- - жок, анткени______________________________________________________

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: 3<br>• Тапшырманын форматы: кенен жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>Баалоо оъектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу;<br>• Жогорку балл:2<br>• Баалоо ыкмасы: эксперттик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | *Ооба, анткени, бул банктар 20 жылдан ашык иштеп келатышат, өлкөлөр башаламандыктарды башынан өткөрүп жатышат, ал эми башаламандыктарды, көйгөйлөрдү жоюуга сабаттуу көрөгөчтүк менен чечимдерди кабыл ала турган жетекчи керек.* |
| 1 | *Жарым-жартылай туура жооп болсо.* |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**5-тапшырма.** Банктын көлөмү деген эмне?

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматты табуу жана алуу"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: кенен жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>• Баалоо оъектиси: бир маалымат бирдигин табуу жана чыгаруу<br>• Жогорку балл:2<br>• Баалоо ыкмасы: компьютердик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | B) каржаттардын өлчөмү, жайылуунун кеңдиги, керектөөчүлөрдү тейлеген жергиликтүү бөлүмдөрдүн саны |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**6-тапшырма.** Банктын лицензиясын ким алып коё алат?

| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматты табуу жана алуу"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: кыска жооптуу, ачык типтеги тапшырма<br>• Баалоо оъектиси: бир маалымат бирдигин табуу жана чыгаруу;<br>• Жогорку балл:1<br>• Баалоо ыкмасы: компьютердик | |
|---|---|
| Баалоо системасы | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | B) Улуттук банк |

| | |
|---|---|
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**7-тапшырма.** Ар бир ырастоо үчүн "Ооба" же "Жок" дегенди белгилегиле.

<table>
<tr><td colspan="2">ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Товарларды жана кызматтарды тандоо<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: "Маалыматты табуу жана алуу"<br>• Контексти: Жеке<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку<br>• Тапшырманын форматы: комплекстүү (альтернативалуу жооптуу тапшырмалар)<br>• Баалоо объектиси: тексттин ар кандай фрагменттеринде жайгашкан маалыматтын бир нече бирдиктерин табуу жана чыгаруу;<br>• Жогорку балл:3<br>• Баалоо ыкмасы: компьютердик</td></tr>
<tr><td colspan="2">Баалоо системасы</td></tr>
<tr><td>Балл</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>3</td><td><table>
<tr><td>Ырастоолор</td><td>Ооба</td><td>Жок</td></tr>
<tr><td>Банк лицензиясыз иштей алат.</td><td></td><td>+</td></tr>
<tr><td>Киреше алуу ар бир банктын максаты.</td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>Аталган банктардын жетекчилери сабаттуу.</td><td>+</td><td></td></tr>
<tr><td>% менен акча салуу үчүн банктын көлөмү маанилүү эмес.</td><td></td><td>+</td></tr>
<tr><td>Банк насыяга берген өз акчасын мөөнөтүнөн мурда кайтарып ала алат.</td><td>+</td><td></td></tr>
</table>5 же 4 туура жооп берилсе.</td></tr>
<tr><td>2</td><td>3 туура жооп берилсе.</td></tr>
<tr><td>1</td><td>2 туура жооп берилсе.</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо</td></tr>
</table>